**БЕКИТИЛДИ**
**Кыргыз Республикасынын билим**
**берүү жана илим министринин буйругу менен**
**2019-жыл 17 июлунан № 866/1**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛ ЖАНА ОКУУ БОЮНЧА ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

**Предметтик стандартты иштеп чыккандар:**
**Токтомаметов Алмазбек Даткабекович** – педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын президенти
**Абдухамидова Батмахан Абдуакимовна** – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, КББАнын жетектөөчү илимий кызматкери
**Баимбетова Нурила Козубаевна** – КББАнын илимий кызматкери

**Бишкек - 2019**

**М А З М У Н У**

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Документтин макамы жана түзүмү ........................................ 3

1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы ........................................ 4

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ........................................ 4

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**

2.1. Кыргыз тил жана окуу предметин окутуунун максаттары жана милдеттери ........................................ 7

2.2. Кыргыз тил жана окуу предметинин түзүлүш методологиясы ........................................ 7

2.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр ........................................ 9

2.4. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү ........................................ 11

2.5. Предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык тилкелерди жүзөгө ашыруу ........................................ 15

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча) ........................................ 16

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары ........................................ 33

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР**

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар ........................................ 36

4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү ........................................ 36

**АДАБИЯТТАР** ........................................ 37

## 1-БӨЛҮМ

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Документтин макамы жана түзүмү

Бул башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу боюнча стандарт Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына негизделип иштелип чыккан предметтик стандарт болуп саналат жана ал башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу предмети боюнча окуу процессин жөнгө салат. Бул предметтик стандарттын негизинде окуу программалар түзүлүп, окуу китептер, усулдук адабияттар, дидактикалык, кошумча, ошондой эле окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо үчүн материалдар даярдалып, практикада колдонулат.

Бул предметтик стандартты төмөнкүлөр өз ишмердигинде жетекчиликке алат:

- башталгыч класстарда Кыргыз тил жана окуу (кыргыз тил, адабий окуу) предмети боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр; окуу китептердин, окуу-усулдук колдонмолордун, кошумча окуу материалдардын авторлору;
- болочок башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайларынын Кыргыз тил жана окуу боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр;
- кесиптик орто билим берүү мекемелеринде, жогорку окуу жайларында башталгыч билим берүү адистиктерин даярдаган окутуучулар;
- башталгыч класстардын мугалимдери;
- башталгыч класстардын мугалимдеринин адистигин жогорулатуу менен алектенген адистер;
- башталгыч класстардын мугалимдерин аттестациялоодо билим берүү системаларынын жетекчилери;
- башталгыч класстардын балдарынын компетенттүүлүктөрүн баалоону өткөрүүчү адистер;
- башталгыч класстардын педагогикасы жана методикасы боюнча билим алып жаткан студенттер, магистрлер;
- башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу сабактарын окутуу боюнча илимий иш жүргүзгөн аспиранттар, изденүүчүлөр, методист-окумуштуулар ж.б.

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт 4 бөлүмдөн туруп (предметтик стандарттын түзүмү документтин мазмунунда так чагылып турат), ал башталгыч класстарда Кыргыз тил жана окууну окутуунун максат, милдеттерин, предметтин түзүлүш методологиясын, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү, алардын өз ара байланышын, мазмундук багыттарды, окуу материалдарынын бөлүнүшүн, өтмө катар тематикалык багыттарды, класстар жана баскычтар боюнча окутуудан

күтүлүүчү натыйжаларды, окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегияларын, ошондой эле ресурстук камсыздоого жана кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүүгө карата талаптарды өзүнө камтыйт.

## 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

Стандарт төмөнкүдөй ченемдик укуктук актыларга негизделет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010;
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003;
3. Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндөгү» мыйзамы, 2004;
4. Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы, 2012;
5. Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы, 2012;
6. «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты», КРдин Өкмөтүнүн 21.07.14. №403 токтому менен бекитилген;
7. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. –Б., 2006;
8. «Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар», КББАнын Окумуштуулар кеңеши тарабынан (02.06.2014.) бекитилген.

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Акыл чабуулу** – бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялар талдоого алынат, бул учурда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат, интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

**Баа** – бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу-формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу (белгиси).

**Баалоо** – бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

**Баа берүү** – бул учурда  баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы жүзөгө ашат.

**Билим берүүнүн сапаты** – билим берүүнүн натыйжаларынын ар түрдүү билим берүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, жалпы эле коомдун) күтүүсүнө же алар тарабынан коюлган билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине шайкештигинин даражасы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүүнүн стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо-

талаптарына шайкештигин көрсөтөт. Бул түшүнүктүн маанилүү өзгөчөлүгү динамикалуулукта, вариативдүү жана иштиктүү мүнөзүндө турат.

**Билим берүүнүн стандарты** – негизги билим берүү программаларындагы билимдин мазмунунун минимумун, окуучунун даярдыгынын сапатына коюлуучу базалык талаптарды, билим алуучулардын мүмкүн болгон окуу жүгүнүн чегин аныктоочу нормалар менен эрежелердин топтому.

**Диагноздоочу баалоо** – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.

**Индикатор** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч».

**Интерактивдүү метод** болсо активдүү методдун дагы өркүндөгөн формасы. Бул өзү – «биргелешип аракет кылуу» дегенди түшүндүрөт, б.а. мугалим менен окуучу бири-бири менен биригип, бирдей аракет кылып, максатка жетүү жолун издешет. Мында бүтүндөй класс жандуу аракетте, кыймылда, чыгармачылык изденүүдө болот.

**Кайтарым байланыш** – иш-аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң ыңгайлуу жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – бул окуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси.

**Компетенттүүлүк** – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Компетенция** – (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү)- окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

**Критерий** – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана классификациялоого негиз болуучу белги, баанын ченеми.

**Метод**– педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт.

**Мотивация** – талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси. Натыйжалар (билим берүүдөгү) – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

**Маселе чечүү методу** – маселе чечүүнүн илимий негиздерин жетекчиликке алуу аркылуу окуучуларга практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүүнүн жол-жоболорун үйрөтүү максатын аркалайт. Көрсөтүп аткартуу методу кандайдыр бир иш-аракетти, адегенде көрсөтүп, андан соң окуучулардын өздөрүнө жасатууну көзөмөлдөп турат.

**Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөр** – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда ишке ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.

**Окуп-үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору)** – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече мүнөздөргө ээ. Билим берүүчүлүк мамлекеттик стандарт негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмегин аныктайт, ал эми предметтик стандарттар айрым алынган предметтердин материалында аларды предметтик компетенттүүлүктөр түрүндө конкреттештирет.

**Талдоо** («анализ», байыркы грек тилинен, «ажыратуу») – бул ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө аткарылат.

**Синтез** (грек тилинен: чогултуу, жыйноо) – бул метод талдоо, иликтөө процессинде жетишилген түшүнүктөрдү, пикирлерди, ойлорду, көз караштарды жыйноо, чогултуу, бир толук пикирге келүү, курамдык бөлүктөрдү бир бүтүн катары элестетүүнү билдирет. Ал дагы адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө ишке ашат.

**Эвристикалык таанып-билүү методу:** (грек тилинен: таптым деген мааниде) бул проблемалуу суроолордун жана жагдайлардын негизинде окуучу өз алдынча ой корутундусуна келүүнү, чыгармачылык менен өз алдынча бир пикирге, ой корутундусуна келүүсүн билдирет.

## 2-БӨЛҮМ
## ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

### 2.1. Кыргыз тил жана окуу предметин окутуунун максаты жана милдеттери

Кыргыз тил жана окуу окуу предметинин максаты – кенже курактагы окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, тилибиздин түзүлүшүнүн баштапкы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ кылуу, аларды сактоо менен оозеки жана жазуу кеп ишмердигин турмушта тиешелүү деңгээлде пайдалана алуусуна жетишүү.

Ал төмөнкүдөй **милдеттер** аркылуу ишке ашат:

- туура окуу жана каллиграфияны сактап жаза алуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- кебин тил мыйзамдарынын тиешелүү деңгээлдеги талаптарына ылайык түзө алуусуна жетиштирүү;
- текстти тиешелүү ылдамдыкта, ошондой эле аң сезимдүү түрдө түшүнүп окууга, түшүнгөнүн кайра айтып берүүгө (кыскача, толук, чыгармачылык менен) үйрөтүү;
- текстти жанрдык (ыр түрүндө, кара сөз түрүндө), түзүмдүк жактан айырмалаган баштапкы деңгээлдеги адабий түшүнүктөргө ээ кылып, тиешелүү деңгээлде текст менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу.

### 2.2. Кыргыз тил жана окуу предметинин түзүлүш методологиясы

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу предмети сабат ачуу, кыргыз тили жана адабий окуу курстарынан турат. Сабат ачуу Алиппе окуу китеби аркылуу, негизинен, 1-класста ишке ашып, андан кийин 2-4-класстарда кыргыз тили жана адабий окуу китептери аркылуу эки башка сабак окутулат. Бирок, бул эки сабак бири-бири менен тыгыз карым-катышта болуп, алар кеп өстүрүүгө кызмат кылат. Кыргыз тил кенже курактагы баланын кебин өстүрүүнүн грамматикалык аспектилерин камтыса, адабий окуу анын көркөмдүк-адабий, эстетикалык-чыгармачылык багытын күчөтөт.

Кыргыз тил курсунун жетектөөчү компоненти ишмердиктин ыкмалары болсо, адабий окуу курсунун жетектөөчү компоненти эмоциялуу-баалуулук мамилелеринин тажрыйбасы, дүйнөнү образдуу кабылдоо (И.К.Журавлев) болуп саналат. Кыргыз тил жана окуу окуу предмети аталган компоненттердин биримдигинен турат.

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу окуу предмети боюнча мазмунду аныктоодо мектепке чейинки билим берүү, мектепке даярдоо программалары жана ортоңку мектеп менен болгон өз ара байланыш, материалдардын ырааттуулугу, башталгыч билим берүүнүн жалпы билим берүүдөгү ролу, башталгыч класстарда окутуу усулдары жана баалоо ыкмалары, ошондой эле башка окуу предметтер менен болгон байланыш эске алынат.

Кыргыз тили жана окуу предмети 5 негизги компонентти өз ичине камтуу менен окутулат:

1) тыбыштык кабыл алуу (угууга басым жасалат);
2) тамгаларды билүү/алфавиттик принцип (окууга басым жасалат);
3) сөз байлык;
4) шар окуу (туура, көркөм окуу, тиешелүү ылдамдыктын сакталышы талап кылынат);
5) окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика.

Бул беш компонент тиешелүү деңгээлде ушундай иретте кетет, бирок, биротоло ушул катар сакталат деп айтууга болбойт. Анткени баланын сөз байлыгы, окуганын же укканын түшүнүүсү менен иштөө, суроолорду берүү, аңгемелешүү, сөздөрдүн маанисин талкуулоо алгачкы күндөн эле ишке ашат. Анткени кыргыз тил жана окуу предметинде окуучулардын кебин өстүрүү алдыңкы планга чыгат.

Тыбыштык кабыл алууда ар бир тыбышты угуп, бөлүп көрсөтө алуу, аларды салыштыруу, сөздөгү ордун, иретин аныктоо жана шарттуу белгилер менен белгилөө ишке ашат. Ошондуктан мында угууга басым жасалат.

Тамгаларды билүүдө/алфавиттик принципте тамгаларды таануу ишке ашат, алар тыбыш менен байланыштырылат, сөздөгү орду белгиленет, басма жана жазуу түрлөрү айырмаланат, ошондуктан мында окууга басым жасалат.

Сөз байлыкта, жогоруда белгилегендей, сөздөрдүн маанисин түшүнүү, аларды талкуулоо, жазуу жана оозеки кебинде колдонуу ишке ашат.

Шар окууда тиешелүү окуу ылдамдыгы сакталышы зарыл. Анткени абдан жай же өтө тез окуган бала окуганынын маанисин түшүнө албай калышы толук мүмкүн. Бирок, ошол эле учурда окуу ылдамдыгы гана негизги көрсөткүч болуп саналбайт, мында ар бир тамганы, сөздү, сүйлөмдү, текстти туура окуу, көркөм окуу, тыныш белгилерге жараша жана тексттин мазмунун түшүнүп, кырааты менен окууга басым жасалат.

Окуганын (укканын) түшүнүү жана грамматика жогорудагы төрт компоненттин негизинде аткарылып, башталгыч класстардагы кеп өстүрүү да, негизинен, ушул компонент аркылуу ишке ашат, ошондуктан бул компонентке өзгөчө маани берилет.

Кыргыз тили жана окуу предмети боюнча окуу жүктөмүнүн көлөмү төмөнкүдөй:

**1-класс** – жумасына 6 саат, сабат ачуу (анын ичинде окууга 1-жарым жылдыкта 10 мүнөт, 2-жарым жылдыктан тартып 20 мүнөт класстан тышкаркы окууга бөлүнөт);

**2-класс** – жумасына 7 саат: кыргыз тилге – 3 саат, адабий окууга – 3 саат, класстан тышкаркы окууга – 1 саат;

**3-класс** – жумасына 7 саат: кыргыз тилге – 3 саат, адабий окууга – 3 саат, класстан тышкаркы окууга – 1 саат;

**4-класс** – жумасына 7 саат: кыргыз тилге – 3 саат, адабий окууга – 3 саат, класстан тышкаркы окууга – 1 саат.

Класстан тышкаркы окуу адабий окуунун дараметин арттырып, жаңы басылып чыккан балдар китептери менен ыкчам тааныштырып, атамекендик жана чет элдик балдар адабиятынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу жана байланышын көрсөтүү багытын көздөйт.

## 2.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр

Компетенттүүлүк – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү.

Кыргыз тил жана окуу  предметин окутууда эки түрдүү компетенттүүлүк тууралуу сөз болот.

**Биринчиси – негизги компетенттүүлүктөр**. Алар «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты» (КР Өкмөтүнүн 21.07.14. №403 токтому) менен аныкталып, алардын үч деңгээли көрсөтүлгөн, алар:

1) Маалыматтык компетенттүүлүк.

2) Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк.

3) Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

Алардын калыптанышынын үч деңгээли:

1) биринчи деңгээл (репродукциялык) окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун дайындалган алгоритми) жолдой билиши менен мүнөздөлөт;

2) экинчи деңгээл (продукциялык) курамы боюнча жөнөкөй иштерди аткаруу, ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалдарда колдонуу жөндөмү менен мүнөздөлөт;

3) үчүнчү деңгээл (креативдик) өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишмердикти жүзөгө ашырууну түшүндүрөт.

**Экинчиси – предметтик компетенттүүлүктөр**. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)
2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)
3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)
4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)

5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5)

*Эскертүү*: «Окуй алуу компетенттүүлүгү» окуу ылдамдыгын, туура жана көркөм окууну, «Сүйлөм, текст менен иштей алуу жана жаза билүү компетенттүүлүгү» пунктуацияны, «Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү» окуганын түшүнүүнү, талдоо, баалоо иш-аракеттерин, ошондой эле экинчи компетенттүүлүктөн башка бардык компетенттүүлүктөр жазууну өзүнө камтыйт.

Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр өз ара тыгыз байланышта, карым-катышта болуп, негизги компетенттүүлүктөр предметтик компетенттүүлүктөр аркылуу, алардын негизинде калыптанат. Ошондуктан предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат жана алар да үч деңгээлде калыптанат.

## 2.4. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелери жана класстар боюнча бөлүштүрүү

| № | Мазмундук багыттар | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **Тыбыш жана тамга** | Тыбыштар. Үндүү тыбыштар, кыска, созулма үндүүлөр, жоон, ичке үндүүлөр жана алардын графикалык белгилениши.<br>Үнсүз тыбыштар, каткалаң, жумшак, уяң үнсүздөр жана алардын графикалык белгилениши. Түгөйлүү жана түгөйсүз тыбыштар.<br>Тыбышсыз тамгалар. Ёттошкон тамгалар. Орус тилинен кирген тамгалар.<br>Кыргыз алфавити. Баш жана кичине тамгалар. | Тыбыш жана тамгага байланыштуу мурдагы материалдарды кайталоо жана тереңдетүү. Алфавиттеги тамгалардын жайгашуу орду. Баш жана кичине тамгалар, алардын жазылуу өзгөчөлүктөрү. Тыбыштарды туура айтуу жана тамгаларды туура жазуу. | Тыбыш жана тамгага байланыштуу мурдагы материалдарды кайталоо жана тереңдетүү. | Тыбыш жана тамгага байланыштуу мурдагы материалдарды кайталоо жана тереңдетүү. |
| 2. | **Муун, сөз жана сөз түркүмдөрү** | Тыбыштардан сөздөрдүн жасалышы тууралуу түшүнүк.<br>Сөз, алардын муунга бөлүнүшү. Муундук таблицалар.<br>Бир маанини түшүндүргөн сөздөр. | Муун жөнүндө түшүнүк. Сөздөрдүн муунга бөлүнүп айтылуу ыргагы, эрежелери. Муундун түзүлүшү. Ачык, жабык, туюк муун, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү. Муун жана ташымал, | Сөздүн бөлүктөрү. Сөздүн маанисин жана формасын өзгөрткөн мүчөлөр. Уңгулаш сөздөр. Айтылышы жана жазылышы айырмаланган сөздөр, алардын өзгөчөлүктөрү.<br>Зат атооч. Жандуу, жансыз | Буга чейинки өтүлгөн сөз түркүмдөрүн кайталоо жана тереңдетүү.<br>Зат атооч сөз түркүмүнүн мааниси. Аягы б, в, г, д менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү. Орус тили аркылуу кирген айрым |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Бир нече маанини түшүндүргөн сөздөр.<br>Каршы маанини түшүндүргөн сөздөр.<br>Окшош маанилүү сөздөр. | ташымалдоо жолдору.<br>Ким? Эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөр.<br>Абалды, кыймыл-аракетти билдирип, эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? деген суроолорго жооп берген сөздөр. | заттар. Заттын жекелик жана көптүк саны.<br>Энчилүү жана жалпы аттар.<br>Зат атоочтордун жөндөлүшү, жөндөмө мүчөлөрү.<br>Сын атооч, ага берилүүчү суроолор.<br>Сын атоочтордун зат атооч менен айкалышы.<br>Сан атооч. Сан атооч, зат атооч жана сын атооч сөздөрдүн айкалышы.<br>Ат атооч, анын өзгөчөлүгү, жөндөлүшү.<br>Байламталар, алар менен түзүлгөн сөз айкаштары.<br>Этиш. Этиштин зат атооч жана башка атооч сөздөр менен айкалышы.<br>Этиштин жекелик жана көптүк түрдө өзгөрүп айтылышы.<br>Жөнөкөй жана татаал этиштер, алардын жазылышы. | сөздөрдүн жөндөлүшү.<br>Жөнөкөй жана татаал зат атоочтор, алардын жазылышы жана жөндөлүшү.<br>Этиштин чактары. Өткөн чак, учур чак, келер чак.<br>Сапаттык сын. Катыштык сын. Жөнөкөй жана татаал сын атоочтор жана алардын жазылышы.<br>Эсептик сан. Иреттик сан. Сан атооч сөздөрдүн жазылышы.<br>Жактама ат атооч, алардын жөндөлүшү.<br>Этиштин жакталышы.<br>Тактоочтор. Алардын башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасы. Тактоочтордун жазылышы.<br>Сырдык сөздөр, алардын кептеги ролу.<br>Тууранды сөздөр, алардын кептеги ролу. |
| 3. | **Сөз айкашы, сүйлөм жана** | Сүйлөм. Сүйлөмдүн сөздөрдөн түзүлүшү. | Бирдиктүү бүткөн ойду билдирген сөздүн, | Сөз тизмеги: зат+этиш, сан+зат, сын+зат, | Сүйлөм мүчөлөрү. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **сүйлөм мүчөлөрү** | Сүйлөм ичиндеги ким? эмне? кандай? канча? нече? эмне кылды? эмне кылып жатат? деген суроолорго жооп берген сөздөр. | сөздөрдүн сүйлөм болушу жөнүндө түшүнүк. Сүйлөмдүн өзгөчөлүктөрү (бирдиктүү ой жана бүткөн интонация) жана айтылуу кырааты.<br>Сүйлөмдүн айтылуу максатына жараша жай, суроолуу, буйрук жана чакырык түрүндө (илептүү) айтылышы. Алардын тыныш белгилери.<br>Сүйлөм мүчөлөрү. Ээ жана баяндооч тууралуу түшүнүк. | сан+зат+сын, сан+зат+этиш айкашындагы сөздөр.<br>Сүйлөм. Сүйлөм болуу белгилери, бирдиктүү ой жана бүтүн интонация.<br>Сүйлөмдүн айтылыш маанисине жараша бөлүнүшү: жай, суроолуу, буйрук, чакырык түрүндө (илептүү) сүйлөмдөр.<br>Баш жана айкындооч мүчөлөр тууралуу маалымат.<br>Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр. | жүргүзүү. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөм.<br>Жай сүйлөм. Суроолуу сүйлөм. Буйрук сүйлөм. Чакырык (илептүү) сүйлөм.<br>Жалаң жана жайылма сүйлөм.<br>Төл жана бөтөн сөз. |
| 4. | **Кеп маданияты жана иш кагаздары** | Тыбыштарды, алардын кептеги айкалыштарын даана, так, бузбай айтуу. Сылык түрдө кайрылуу, сылык учурашуу, сылык, кайрылуу, сылык таанышуу, сылык кечирим суроо, сылык сурап алуу, сылык мамиле, сылык маектешүү.<br>Башкаларды тиешелүү иш-чарага оозеки | Биринчи класстагы кеп маданиятын тереңдетүү.<br>Окуучулардын кебинин так, түшүнүктүү, орундуу, логикалуу, көркөм жана эмоционалдуу болуусу.<br>Жакын адамдарына саламдашуу иретинде кат жазуу. | Ойдун мазмунуна жараша аны кырааты менен туура айтуу. Ыр менен кара сөздү айырмалап, ыргагына жараша окуу техникасына ээ болуу. Каармандардын кептерин образдуу окуу, айтуу.<br>Жакын адамын туулган күнү, майрамы менен куттуктоо, чакыруу иретинде кат жазуу. | Тил жана кеп жөнүндө маалымат.<br>Текст жөнүндө түшүнүк. Текстке ат коюу, план түзүү. Тексттин түрлөрү (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү).<br>Кулактандыруу, чакыруу, куттуктоо каттарын жазуу. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | чакыруу. | | | |
| 5. | **Тематикалык тексттер жана балдар китептери менен иштөө**<br>***Эскертүү*:**<br>*Тематикалар-дын аталышы эмоциялык негизде башкачараак болот.* | Жыл мезгилдери.<br>Менин досторум.<br>Менин дүйнөм.<br>Алтын балалык.<br>Майрамдар.<br>Мекеним.<br>Бабалардан калган сөз.<br>Сөз үйрөнүү.<br>Ой жүгүртүүнү өстүрүү ж.б. | Жыл мезгилдери.<br>Туулган жер.<br>Менин досторум.<br>Алтын балалык.<br>Юмор.<br>Майрамдар.<br>Бабалардан калган сөз.<br>Менин чыгармачылыгым.<br>Ой жүгүртүүнү өстүрүү.<br>Сөз үйрөнүү ж.б. | Майрамдар.<br>Мекеним, анын байлыгы.<br>Эмгек.<br>Жаратылышты коргоо.<br>Өткөн турмуш элеси.<br>Бабалардан калган сөз.<br>Кыргыз балдар акын-жазуучулары.<br>Менин чыгармачылыгым.<br>Ата-энем.<br>Тил үйрөнүү.<br>Алтын балалык.<br>Боордош элдердин балдар чыгармалары ж.б. | Мекеним.<br>Жерибиздин, элибиздин, элибиздин байлыгы.<br>Юмор.<br>Элибиздин улуу инсандары.<br>Бабалардан калган сөз.<br>Менин чыгармачылыгым.<br>Кыргыз балдар акын-жазуучулары.<br>Фантастика.<br>Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары ж.б. |

**2.5. Предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык тилкелердин жүзөгө ашырылышы**

Эне тил өзү үч курстан жуурулушуусунан, биримдигинен туруп, алардын ар биринин жетектөөчү компоненти ар башка болгондугуна байланыштуу башталгыч класстардагы бардык предметтер менен тыгыз байланышта болуп, аларды өздөштүрүүнүн негизин түзөт.

Предмет аралык байланыш дүйнө таануу багытынан алганда, адам жана коом (азыркы адеп), табият таануу (азыркы Мекен таануу), предметтери менен, дүйнөнү көркөм таануу жагынан музыка, көркөм сүрөт өнөрү предметтери менен, тилдик жактан орус тил, чет тилдер менен, предметти өздөштүрүүгө негиз болуусуна жараша, математика, технология, дене тарбия предметтери менен тыгыз байланышат. Эне тилди жакшы өздөштүрбөгөн окуучу эч бир предметтен олуттуу жетишкендиктерге ээ боло албайт.

Кыргыз тил жана окуу предметиндеги өтмө тематикалык багыттар катары буларды көрсөтүүгө болот:

- грамматикалык эрежелер;
- кеп өстүрүү: оозеки жана жазуу кеби;
- текст менен иштөө.

## 3-БӨЛҮМ

## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)

*Эскертүү*:

Биринчи цифра – классы

Экинчи цифра – мазмундук багыттын номери

Үчүнчү цифра – компетенттүүлүктүн номери

Төртүнчү цифра – күтүлгөн натыйжанын номери

| Мазмундук багыттар | Компе-тенттүү-лүктөр | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Тыбыш жана тамга** | **К1.**<br>**К2.** | 1.1.1.1. Эне тилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштарды айырмалап айтат. | 2.1.1.1. Эне тилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштарды угуп, айырмачылыгын түшүндүрүп айтат. | | |
| | | 1.1.1.2. Сөздөгү кыска жана созулма үндүү тыбыштарды айырмалайт (созулма үндүү эки үндүү тамга менен белгиленерин айтат). | 2.1.1.2. Кыска жана созулма үндүү тыбыштар катышкан сөздөрдү туура айтат. | 3.1.1.1. Кыска жана созулма үндүү тыбыштар катышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 4.1.1.1. Кыска жана созулма үндүү тыбыштарга талдоо жасайт. |
| | | 1.1.1.3. Сөздөгү жумшак жана каткалаң үнсүз тыбыштарды айырмалайт. | 2.1.1.3. Сөздөгү жумшак, каткалаң жана уяң үнсүз тыбыштарды туура айтат. | 3.1.1.2. Кебинде жумшак, каткалаң жана уяң үнсүз катар келген сөздөрдү (мисалы: сөзсүз, тузсуз, жазса) туура колдонот. | 4.1.1.2. Жумшак жана каткалаң үнсүз катар келген сөздөргө (мисалы: сөзсүз, тузсуз, жазса) талдоо жасайт. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1.1.1.4. Түгөйлүү жана түгөйсүз үнсүз тыбыштарды айта алат. | 2.1.1.4. Түгөйлүү жана түгөйсүз үнсүз тыбыштарды кебинде колдонот. | 3.1.1.3. Түгөйлүү жана түгөйсүз үнсүз тыбыштарга талдоо жасайт. | |
| | | 1.1.1.5. Эне тилдеги бардык тыбыштарды туура айтат. | | | |
| | | 1.1.1.6. В, ф, х, ц, щ катышкан сөздөрдү туура айтат. | 2.1.1.5. В, ф, х, ц, щ катышкан сөздөр бар сүйлөмдөрдү туура айтат. | 3.1.1.4. В, ф, х, ц, щ катышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | |
| | | 1.1.1.7. Тыбышсыз тамгалар (ь, ъ) катышкан сөздөрдү туура айтат. | 2.1.1.6. Тыбышсыз тамгалар (ь, ъ) катышкан сөздөр бар сүйлөмдөрдү туура айтат. | 3.1.1.5. Тыбышсыз тамгалар (ь, ъ) катышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 4.1.1.3. Ичкертүү белгиси (ь) менен аяктаган сөздөргө мүчөлөрдү кошуп туура айтат. |
| | | 1.1.1.8. Ёттошкон тамгалар (е, ё, ю, я) катышкан сөздөрдү туура айтат. | 2.1.1.7. Тексттеги ёттошкон тамгалар (е, ё, ю, я) катышкан сөздөрдү туура айтат. | 3.1.1.6. Ёттошкон тамгалар (е, ё, ю, я) катышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 4.1.1.4. Ёттошкон тамгалар (е, ё, ю, я) катышкан сөздөргө тыбыштык талдоо жасайт. |
| | | 1.1.1.9. Ёттошкон тамгалардын эки тыбыштан турарын айтат. | | | |
| | | 1.1.1.10. Сөздөгү тыбыштардын санын жана иретин аныктайт. | 2.1.1.8. Татаал сөздөрдөгү тыбыштардын санын жана иретин аныктайт. | | |
| | | 1.1.1.11. Тыбыш менен тамганын айырмасын айтат. | 2.1.1.9. Тыбыштарды сөздүн ар кайсы жеринде (башында, ортосунда, | 3.1.1.7. Сөздүн ар кайсы жериндеги (башында, ортосунда, аягында) | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | аягында) туура айтат. | тыбыштардын жайгашкан орду боюнча талдоо жасайт. | |
| | | 1.1.1.12. Тыбыштардан (тамгаларынан) муундарды, сөздөрдү түзөт. | 2.1.1.10. Тыбыштардан (тамгаларынан) рифмаланган муундарды, жөнөкөй сөздөрдү түзөт. | | |
| | | 1.1.1.13. Өтүлгөн материалдагы к (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, дж) тыбыштары катышкан сөздөрдү туура айтат. | 2.1.1.11. Өтүлгөн материалдагы к (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, дж) тыбыштары катышкан татаал сөздөрдү туура айтат. | 3.1.1.8. К (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, дж) тыбыштары катышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 4.1.1.5. К (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, ж) тыбыштары катышкан сөздөргө талдоо жасайт. |
| | | 1.1.1.14. Айтылган жөнөкөй сөздөрдүн башкы тыбышын аныктай алат. | 2.1.1.12. Көп муундуу сөздөрдүн башкы тыбышын аныктайт. | | |
| | | 1.1.2.15. Эне тилдеги бардык тамгаларды (баш жана кичине) туура окуйт. | | | |
| | | 1.1.2.16. Ёттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү туура окуйт. | | | |
| | | 1.1.2.17. В, ф, х, ц, щ катышкан сөздөрдү туура окуйт. | | | |
| | | 1.1.1.18. Тыбышсыз | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | тамгалар (ь, ъ) катышкан сөздөрдү туура окуйт. | | | |
| | | 1.1.2.19. Кыска жана созулма үндүү тыбыштар катышкан сөздөрдү туура окуйт. | | | |
| | | 1.1.2.20. Өтүлгөн материалдагы к (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, дж) тыбыштары катышкан сөздөрдү туура окуйт. | 2.1.2.13. Өтүлгөн материалдагы к (кы, ки), г (гы, ги), ж (ж, дж) тыбыштары катышкан сөздөрдү туура окуйт. | | |
| | | 1.1.1.21. Эне тилдеги бардык тамгаларды (баш жана кичине) туура жазат. | | | |
| | | 1.1.1.22. Созулма үндүүлөр катышкан айрым сөздөрдү айтып берүү боюнча туура жазат. | 2.1.1.14. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура жазат. | 3.1.1.9. Жат жазуу, баяндама жазууда созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура жаза алат. | 4.1.1.6. Жат жазуу, баяндама, дил баян жазууда созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура жаза алат. |
| | | 1.1.1.23. Катар үнсүздөр катышкан айрым сөздөрдү (мисалы: бакта, кышта, малды) айтып берүү боюнча туура жазат. | 2.1.1.15. Катар үнсүздөр катышкан айрым сөздөрдү (мисалы: бакка, сабакка, таттуу, куттуу) айтып берүү боюнча туура жазат. | 3.1.1.10. Катар үнсүздөр катышкан айрым сөздөрдү (мисалы: тузсуз, сөзсүз, жазса) айтып берүү боюнча туура жазат. | 4.1.1.7. Катар үнсүздөр катышкан айрым сөздөрдү (мисалы: качты, чачты, уучта) айтып берүү боюнча туура жазат. |
| | | 1.1.1.24. В, ф, х, ц, щ катышкан айрым сөздөрдү айтып берүү боюнча туура жазат. | 2.1.1.16. В, ф, х, ц, щ катышкан айрым сөздөрдү туура жазат. | 3.1.1.11. Жат жазуу, баяндама жазууда в, ф, х, ц, щ катышкан сөздөрдү туура жазат. | 4.1.1.8. Жат жазуу, баяндама, дил баян жазууда в, ф, х, ц, щ катышкан сөздөрдү туура |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жазат. |
| | | 1.1.1.25. Ёттошкон тамгалар катышкан айрым сөздөрдү айтып берүү боюнча туура жазат. | 2.1.1.17. Ёттошкон тамгалар катышкан айрым сөздөрдү туура жазат. | 3.1.1.12. Жат жазуу, баяндама жазууда ёттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү туура жазат. | 4.1.1.9. Жат жазуу, баяндама, дил баян жазууда ёттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү туура жазат. |
| | | 1.1.1.26. Тыбышсыз ь,ъ тамгалары катышкан айрым сөздөрдү айтып берүү боюнча туура жазат. | 2.1.1.18. Тыбышсыз ь,ъ тамгалары катышкан айрым сөздөрдү туура жазат. | 3.1.1.13. Жат жазуу, баяндама жазууда тыбышсыз ь,ъ тамгалары катышкан сөздөрдү туура жазат. | 4.1.1.10. Жат жазуу, баяндама, дил баян жазууда тыбышсыз ь,ъ тамгалары катышкан сөздөрдү туура жазат. |
| | | | | 3.1.1.14. Кебинде жумшак, каткалаң жана уяң үнсүз катар келген сөздөрдү (мисалы: сөзсүз, тузсуз, жазса) туура жазат. | 4.1.1.11. Башка тилден кирген жумшак үнсүз менен аяктаган сөздөргө мүчө улап (мисалы: клуббу, клубдар, гербби, гербдер, заводдо, заводго, педагогго ж.б.) туура жазат. |
| **2. Муун, сөз жана сөз түркүмдөрү** | **К1.**<br>**К2.**<br>**К3.** | 1.2.1.1. Муун, сөз тыбыштарга бөлүнөрүн айтат. | 2.2.1.1. Муунга, сөзгө тыбыштык талдоо жасай алат. | | |
| | | 1.2.1.2. Сөз муундарга бөлүнөрүн айтат. | 2.2.1.2. Ачык, жабык, туюк муунду айырмалайт. | | |
| | | 1.2.3.3. Сөздөрдү муунга бөлүп айта алат. | 2.2.3.3. Сөздөрдү муунга бөлүп, ыргак менен айта алат. | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1.2.1.4. Муундук таблицалар менен иштеп, сөздөрдү кура алат. | | | |
| | | 1.2.1.5. Сөздөрдү ташымалдап жаза алат. | 2.2.1.4. Айтылышы татаал, бир муунда созулма үндүү келген сөздөрдү туура ташымалдайт. | | |
| | | | 2.2.1.5. Муун менен ташымалдын ортосундагы айырмачылыкты айтып бере алат. | | |
| | | 1.2.3.6. Өтүлгөн тексттен (мисалы: мен-сен, шар-бар, кол-сол, тарак-барак ж.б.) рифма түзгөн бир муундуу уйкаш сөздөрдү таба алат. | 2.2.3.6. Эки-үч муундуу сөздөрдү рифмалай (уйкаштыра) алат. | 3.2.3.15. Рифма түзгөн жөнөкөй уйкаш сөздөргө өз алдынча мисалдарды келтире алат. | 4.2.3.12. Рифма түзгөн уйкаш сөздөрдү топтоштура алат. |
| | | 1.2.3.7. Үнсүздөр катар келген сөздөрдү (мисалы: балдар, китептер, бакта ж.б.) туура айтат. | 2.2.3.7. Бир үнсүз кайталанып келген (мисалы: бакка, отто, жаппа ж.б.) сөздөрдү туура айтат. | 3.2.3.16. Башка тилден кирген жумшак үнсүз менен аяктаган сөздөрдү туура айтат. | 4.2.3.13. Башка тилден кирген жумшак үнсүз менен аяктаган сөздөргө мүчө улап (мисалы: клуббу, клубдар, гербби, гербдер, заводдо, заводго, педагогго ж.б.) туура айтат. |
| | | 1.2.3.8. Жашоо-турмушу (үй-бүлөсү, достору, оюнчуктар жаныбарлар, | 2.2.3.8. Өтүлгөн материалдардагы сөздөрдүн маанисин түшүндүрө алат. | 3.2.3.17. Сөздөрдүн маанисин туура колдонуп сүйлөм түзө алат. | 4.2.3.14. Сөздөрдү маанисине ылайык кебинде колдонот. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | мектеп) менен байланышкан материалдардагы сөздөрдүн маанисин айта алат. | | | |
| | | 1.2.3.9. Мааниси карама-каршы болгон айрым сөздөрдү айтат (мисалы: чоң-кичине, ачуу-таттуу ж.б.). | 2.2.3.9. Тексттен маанилери карама-каршы айрым сөздөрдү таба алат. | 3.2.3.18. Маанилери карама-каршы сөздөрдү пайдаланып сүйлөм түзөт. | 4.2.3.15. Мааниси карама-каршы болгон сөздөрдү кебинде пайдалана алат. |
| | | 1.2.3.10. Маанилери окшош айрым сөздөрдү айтат (мисалы: бөрү-карышкыр, эне-апа ж.б.). | 2.2.3.10. Өтүлгөн материалдардан маанилери окшош сөздөрдү таба алат. | 3.2.3.19. Маанилери окшош сөздөрдү кебинде колдоно алат. | 4.2.3.16. Сүйлөмдөгү айрым сөздөрдү ылайыгына жараша маанилери окшош сөздөр менен алмаштыра алат. |
| | | | 2.2.3.11. Айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка болгон сөздөрдү айта алат (мисалы: ат. 1. ат – адамдын ысымы, 2. ат – жылкы, 3. ат – мээлеп атуу ж.б.). | 3.2.3.20. Айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка болгон сөздөрдүн маанилерин контекстке жараша түшүндүрө алат. | 4.2.3.17. Айтылышы жана жазылышы бирдей, бирок мааниси ар башка болгон сөздөрдү маанисине ылайык кебинде колдоно алат. |
| | | 1.2.3.11. Өзүнүн жашоо-турмушу менен байланышкан сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 2.2.3.12. Өтүлгөн материалдардагы жаңы сөздөрдүн маанилерин түшүнөт жана кебинде колдонот. | 3.2.3.21. Өтүлгөн материалдардагы жаңы сөздөрдүн маанилерин түшүнөт жана кебинде колдонот. | 4.2.3.18. Өтүлгөн материалдардагы жаңы сөздөрдүн маанилерин түшүнөт жана кебинде колдонот. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1.2.3.12. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү айырмалай алат. | 2.2.3.13. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү туура айтат. | 3.2.3.22. Жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү кебинде туура колдонот. | 4.2.3.19. Текст жаратууда жекелик жана көптүк түрдөгү сөздөрдү туура колдоно алат. |
| | | | 2.2.3.14. Образдуу сөздөрдү тексттен таба алат. | 3.2.3.23. Өтүлгөн тексттеги айрым образдуу сөздөрдү кебинде колдоно алат. | 4.2.3.20. Өтүлгөн тексттеги образдуу сөздөрдү кебинде колдоно алат. |
| | | | 2.2.3.15. Тааныш эмес сөздүн маанисин башка булактардан алат (окуу китебиндеги сөздүктү колдонот, мугалимден сурайт). | 3.2.3.24. Тааныш эмес сөздүн маанисин башка булактардан алат (мугалимден сурайт, окуу китебиндеги сөздүктү колдонот, башка балдардан сурайт). | 4.2.3.21. Тааныш эмес сөздүн маанисин башка булактардан алат (мугалимден сурайт, окуу китебиндеги сөздүктү колдонот, башка балдардан сурайт, кошумча сөздүктөрдөн карайт). |
| **3. Сөз айкашы, сүйлөм жана сүйлөм мүчөлөрү** | **К2.<br>К3.<br>К4.** | | 2.3.3.1. Айрым сөз айкаштарына (зат+этиш, сын+зат, сан+зат ж.б.) мисал келтире алат. | 3.3.3.1. Сөз айкаштарына (зат+этиш, сан+зат, сын+зат, сан+зат+сын, сан+зат+этишж.б.) мисал келтире алат. | 4.3.3.1. Сөз айкаштарын сөз түркүмдөрүнө ажырата алат (кызыл алма = сын+зат, беш китеп= сан+зат ж.б.) |
| | | 1.3. 4.2. Сүйлөмдүн бир же бир нече сөздөрдөн түзүлөрүн айта алат. | 2.3.4.2. Бирдиктүү бүткөн ойду билдирген сөздөрдүн сүйлөм болушун айта алат. | 3.3.4.2. Өз алдынча жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзө алат. | 4.3.4.2. Бир же бир нече сөздөрдөн турган сүйлөмдөрдү өз алдынча түзө алат. |
| | | 1.3.4.3. Сүйлөм ичиндеги ким? эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү таба алат. | 2.3.4.3. Ким? эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзө алат. | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 1.3.4.4.Сүйлөм ичиндеги кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү таба алат. | 2.3.4.4. Кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзө алат. | | |
| | | 1.3.4.5. Сүйлөмдөн канча? нече? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү таба алат. | 2.3.4.5. Канча? нече? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзө алат. | | |
| | | 1.3.4.6. Сүйлөмдөн эмне кылды? эмне кылып жатат? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү таба алат. | 2.3.4.6. Эмне кылды? эмне кылып жатат? деген суроолорго жооп берген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзө алат. | | |
| | | | 2.3.4.7. Сүйлөмдүн өзгөчөлүктөрүн (бирдиктүү ой жана бүткөн интонация) айта алат. | 3.3.4.3. Сүйлөм болуу белгилерин айтып бере алат. | |
| | | | 2.3.4.8. Сүйлөмдү интонацияга жараша кыраатты менен айта алат. | 3.3.4.4. Сүйлөмдөгү бирдиктүү ой жана бүтүн интонацияны сактай билет. | 4.3.4.3. Сүйлөмдөгү ойго жана бүткөн интонацияга карата өз алдынча мисалдарды келтире алат. |
| | | | 2.3.4.9.Сүйлөм айтылуу максатына жараша жай, суроолуу, буйрук жана чакырык түрүндө айтыларын билет. | 3.3.4.5. Сүйлөмдүн айтылыш маанисине жараша жай, суроолуу, буйрук, чакырык сүйлөмдөрдү интонация | 4.3.4.4.Жай, суроолуу, буйрук, чакырык сүйлөмдөргө өз алдынча мисал келтире алат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | менен окуй алат. | |
| | | | 2.3.4.10. Жай, суроолуу, буйрук жана чакырык (илептүү) сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерин туура ажырата алат. | 3.3.4.6. Жай, суроолуу, буйрук жана чакырык (илептүү) сүйлөмдөрдү жазууда тыныш белгилерин туура коет. | 4.3.4.5. Жай, суроолуу, буйрук жана чакырык (илептүү) сүйлөм жазууда тыныш белгилерин туура коет. |
| | | | 2.3.4.11. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү: ээ жана баяндооч тууралуу билет. | 3.3.4.7. Берилген сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн таба алат. | 4.3.4.6.Баш мүчөлөр катышкан сүйлөмдөрдү өз алдынча түзө алат. |
| | | | | 3.3.4.8. Сүйлөмдөн айкындооч мүчөлөрдү таба алат. | 4.3.4.7. Айкындооч мүчөлөр катышкан сүйлөмдөргө өз алдынча мисал келтире алат. |
| | | | | | 4.3.4.8. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзө алат. |
| | | | | | 4.3.4.9. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн таба алат. |
| | | | | | 4.3.4.10. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдүн тыныш белгилерин туура кое алат. |
| | | | | 3.3.4.9. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү айырмалай алат. | 3.3.4.11. Жалаң жана жайылма сүйлөмдөргө өз алдынча мисал келтире алат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 4.3.5.12. Сүйлөмдөн төл жана бөтөн сөздөрдү ажырата алат. |
| | | | | | 4.3.5.13. Төл жана бөтөн сөздөр катышкан сүйлөмдөрдүн тыныш белгилерин туура кое алат. |
| | | | | | 4.3.5.14. Төл жана бөтөн сөздөрдү катыштырып өз алдынча сүйлөм түзө алат. |
| | | 1.3.2.7. Алгач муундап, акырындык менен сөздөп окуйт. | 2.3.2.12. Өтүлгөн материалдагы татаал сөздөрдү туура окуйт. | 3.3.5.10. Өтүлгөн материалдагы сүйлөмдөрдү интонацияны туура коюп окуйт. | 4.3.5.15. Өтүлгөн материалдагы татаал сүйлөмдөрдү тыныш белгилерге жараша туура окуйт. |
| **4. Кеп маданияты жана иш кагаздары** | **К3.**<br>**К4.**<br>**К5.** | 1.4.1.1. Тыбыштардын кептеги айкалыштарын бузбай, так, даана айта алат. | | | |
| | | 1.4.3.2. Сылык алака-мамиле (сылык кайрылуу, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо) түзө алат. | 2.4.3.1. Сылык алака-мамиле (сылык кайрылуу, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо) түзө алат. | 2.4.3.1. Сылык маектеше алат. | 4.4.3.1. Сылык мамиле түзүп, маектеше алат. |
| | | 1.4.4.3. Кимдир бирөөнү кандайдыр бир иш-чарага оозеки чакыра алат. | 2.4.4.2. Жакын адамдарына саламдашуу иретинде кат жаза алат. | 3.4.4.2. Жакын адамына куттуктоо жаза алат. | 4.4.4.2. Жакындарына чакыруу иретинде кат жаза алат. |
| | | | 2.4.4.3. Өз оюн орундуу, | 3.4.4.3. Ойду мазмунуна | 4.4.4.3. Ойду мазмунуна |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | түшүнүктүү айта алат. | жараша кырааты менен туура айта алат. | жараша көрктүү айта алат. |
| | | | | | 4.4.4.4. Тил жана кеп жөнүндө маалыматка ээ болот. |
| | | | | | 4.4.4.5. Текст жөнүндө түшүнүккө ээ болот. |
| | | | | | 4.4.4.6. Текстке ат кое алат. |
| | | | | | 4.4.4.7. Текстке өз алдынча план түзө алат. |
| | | | | 3.4.5.4. Ыр менен кара сөздү айырмалай алат. | |
| | | | | 3.4.5.5. Чыгарманы ыргагына жараша окуу техникасына ээ болот. | 4.4.4.8. Чыгарманы мазмунуна жараша окуу техникасына ээ болот. |
| | | | | 3.4.5.6. Каармандардын кептерин образдуу окуй (айта) алат. | 4.4.4.9. Каармандардын образдарына жараша алардын сөздөрүн көрктүү, кырааты менен окуй алат. |
| | | | | | 4.4.4.10. Тексттин түрлөрүн ажырата алат (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү). |
| **5. Тематика-лык тексттер жана балдар китептери** | **К2. К3. К4.** | 1.5.2.1. Тааныш эмес тексттен 1 мүнөттө 25 сөздү үн чыгарып окуйт. | 2.5.2.1. Тааныш эмес тексттен 1 мүнөттө 40 сөздү үн чыгарып окуйт. | 3.5.2.1. Тааныш эмес тексттен 1 мүнөттө 60 сөздү үн чыгарып окуйт. | 4.5.2.1. Тааныш эмес тексттен 1 мүнөттө 80 сөздү үн чыгарып окуйт. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **менен иштөө** | **К5.** | | | | |
| | | 1.5.2.2. Сөздөрдү туура (айрым көп муундуу сөздөрдү муундап) окуйт. | 2.5.2.2. Текстти туура, так, тиешелүү ылдамдыкта окуйт. | 3.5.2.2. Текстти туура, так, тиешелүү ылдамдыкта, кыраатты сактоо менен окуйт. | 4.5.2.2. Текстти туура, так, тиешелүү ылдамдыкта, кыраатты жана логикалык басымды сактоо менен окуйт. |
| | | 1.5.3.3. Окуп жаткан сөздөрдөгү кетирилген жөнөкөй каталарды табат. | 2.5.3.3. Окуп жаткан сөздөрдөгү кетирилген каталарды табат. | 3.5.4.3. Окуп жаткан сүйлөмдөрдөгү кетирилген каталарды табат. | 4.5.4.3. Окуп жаткан тексттеги кетирилген каталардын тобун табат. |
| | | 1.5.5.4. Тексттеги сүйлөмдүн аягына, ортосуна коюлган тыныш белгилерине ылайык тыным жасап (интонация) окуйт. | 2.5.5.4. Өтүлгөн материалдарды окууда кыраатты сактайт. | 3.5.5.4. Өтүлгөн материалдарды окууда кыраатты сактап, көрктүү окуйт. | 4.5.5.4. Окуп жаткан материалынын маанисин түшүнүп, көрктүү окуйт. |
| | | 1.5.4.5. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен кыскача айтып бере алат. | 2.5.4.5. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен айтып бере алат. | 3.5.4.5. Окуган чыгарманын мазмунун өз сөзү менен ырааттуу айтып бере алат. | 4.5.4.5. Окуган чыгарманын мазмунун толук түрдө ырааттуу айтып бере алат. |
| | | 1.5.4.6. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу суроолорго жооп берет. | 2.5.4.6. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу суроолорго жооп берет. | 3.5.4.6. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу суроолорго жооп берет. | 4.5.4.6. Өтүлгөн тексттин мазмунуна байланыштуу суроолорго жооп берет. |
| | | 1.5.4.7. Жаттаган ырларын кайра айтып берет. | 2.5.4.7. Жаттаган ырларынын маанисин түшүнүү менен кайра айтып берет. | 3.5.4.7. Жаттаган ырларынын маанисин түшүнүп, көрктүү айтып берет. | 4.5.4.7. Жаттаган ырларынын маанисин түшүнүп, көрктүү айтып берет. |
| | | 1.5.4.8. Өтүлгөн | 2.5.4.8. Өтүлгөн | 3.5.4.8. Өтүлгөн | 4.5.4.8. Өтүлгөн |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | материалдардагы айрым жөнөкөй макалдарды айта алат. | материалдардагы макалдарды айта алат. | материалдардагы макалдардын маанисин чечмелейт. | материалдардагы макалдардын маанисине байланыштуу мисалдарды келтирет. |
| | | | | 3.5.4.9. Айрым макалдардын маанисин тексттин мазмунуна жараша түшүндүрө алат. | 4.5.4.9. Айрым макалдардын маанисин талдай алат. |
| | | | | | 4.5.4.10. Айрым макалдарды маанилерине ылайык кебинде колдоно алат. |
| | | 1.5.5.9. Айрым табышмактарды айта алат. | 2.5.5.9. Өтүлгөн табышмактарды колдоно алат. | 3.5.5.10. Тематикаларга жараша табышмактарды айта алат. | 4.5.5.11. Өтүлгөн материал боюнча табышмак жаратат. |
| | | 1.5.5.10. Зат, буюм, нерселерди аталыштарына, өңү-түсүнө ж.б. жараша сүрөттөн таап көрсөтө алат. | 2.5.5.10. Сүрөт эмне тууралуу экендигин айта алат. | 3.5.5.11. Сүрөттүн фрагменттерин баяндап айтат. | 4.5.5.12. Сүрөттөн көргөнүн баяндап айта алат. |
| | | 1.5.5.11. Сүрөттөн көргөн нерселерин атайт. | 2.5.5.11. Сүрөткө карата берилген суроолорго жооп бере алат. | 3.5.5.12. Сүрөткө карата суроолорду түзө алат. | 4.5.5.13. Сүрөттөн көргөндөрүн баяндап текст түзө алат. |
| | | 1.5.5.12. Предметтик сүрөт эмне тууралуу экендигин айтат. | 2.5.5.12. Сюжеттик сүрөт боюнча сүйлөп бере алат. | 3.5.5.13. Сюжеттик сүрөттөрдү текст түрүндө баяндап берет. | 4.5.5.14. Сүрөткө карата өз оюн билдирет. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 3.5.5.14. Өтүлгөн текст боюнча суроолорду түзөт. | 4.5.5.15. Өтүлгөн текстке карата кайра айтуу планын түзөт. |
| | | 1.5.5.13. Каармандардын кылык-жоруктары, мүнөзү, иш-аракети тууралуу суроолорго жооп берет. | 2.5.5.13. Каармандардын кылык-жоруктарын, мүнөзүн, иш-аракетин салыштырат. | 3.5.5.15. Каармандардын кылык-жоруктарын, мүнөзүн, иш-аракетин талдайт. | 4.5.5.16. Каармандардын кылык-жоруктарына, мүнөзүнө, иш-аракетине карата өзүнүн пикирин аргументтер менен билдирет. |
| | | 1.5.5.14. Текст эмне тууралуу экендигин айтат. | 2.5.5.14. Тексттеги окуяны талдайт. | 3.5.5.16. Тексттеги окуяны башка окуялар менен салыштырат. | 4.5.5.17. Тексттеги окуяга баа берүү менен өз пикирин билдирет. |
| | | | | 3.5.5.17. Тексттин аталышын чечмелей алат. | 4.5.5.18. Тексттин аталышына карата өз пикирин билдирет. |
| | | | | 3.5.5.18. Өтүлгөн тексттеги негизги ойду аныктайт. | 4.5.5.19. Өтүлгөн тексттеги негизги ойду жана теманы аныктайт. |
| | | | | | 4.5.5.20. Каармандын эмоционалдык абалын аныктайт. |
| | | | | 3.5.5.19. Өтүлгөн тексттен берилген тапшырма боюнча конкреттүү маалыматтарды, фактыларды, каармандарды, жаратылышты сыпаттаган | 4.5.5.21. Тексттен олуттуу мааниге ээ болгон маалыматты табат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жерлерди табат. | |
| | | | | 3.5.5.20. Тексттин өзгөчөлүктөрүн (жомок, ыр, аңгеме) айырмалайт. | 4.5.5.22. Тексттин жанрдык өзгөчөлүктөрүн (ыр, аңгеме, драмалык чыгарма, тамсил) айырмалайт. |
| | | | 2.5.5.15. Текстти окугандан кийин ага жаңы ат коюу боюнча өзүнүн вариантын айтат. | 3.5.5.21. Тексттин аталышына карап, анын эмне тууралуу болорун болжолдойт. | 4.5.5.23. Тексттин аталышына карап, анын эмне тууралуу болорун болжолдоп айтып берет. |
| | | 1.5.5.15. «Манас» эпосу кыргыз элине тиешелүү экендигин айтат. | 2.5.5.16. Манас баатыр тууралуу кыскача айтат. | 3.5.5.22. «Манас» эпосундагы кээ бир каармандар тууралуу айтат. | 4.5.5.24. «Манас» эпосундагы айрым окуяларды айтат. |
| | | 1.5.5.16. Сөздөрдү туура угуп, кайталап айтат. | 2.5.5.17. Тексттеги жаңы сөздөрдү туура угуп, кайталап айтат. | 3.5.5.23. Уккан тексттеги жаңы сөздөрдүн маанисин контекстке жараша түшүндүрө алат. | 4.5.5.25. Уккан тексттеги жаңы сөздөрдү кебинде колдонот. |
| | | 1.5.5.17. Уккан тексттин мазмунун кыскача айтып берет. | 2.5.5.18. Уккан тексттин мазмунун айтып берет. | 3.5.5.24. Уккан тексттин мазмунун ырааттуу айтып берет. | 4.5.5.26. Уккан тексттин мазмунун ырааттуу толук айтып берет. |
| | | 1.5.5.18. Уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. | 2.5.5.19. Уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. | 3.5.5.25. Уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. | 4.5.5.27. Уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. |
| | | | 2.5.5.20. Уккан тексти боюнча башкалардын пикирин угуп, өзүнүн пикирин билдирет. | 3.5.5.26. Уккан тексти боюнча башкалардын пикирин, кызыкчылыктарын эске алып, өзүнүн пикирин | 4.5.5.28. Уккан тексти боюнча башкалардын пикирин угуп, ага карата өзүнүн пикирин аргументтер менен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | билдирет. | билдирет. |
| | | 1.5.5.19. Уккан тексттен айрым сөздөрдү, жөнөкөй сүйлөмдөрдү айтып берүү боюнча жаза алат. | 2.5.5.21. Уккан тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп жазат. | 3.5.5.27. Уккан тексттин мазмунун өз сөзү менен кыскача жаза алат. | 4.5.5.29. Уккан тексттин мазмунун баяндап жаза алат. |
| | | | 2.5.5.22. Таяныч сөздөр боюнча чакан дил баян жазат. | 3.5.5.28. Сунушталган бир нече сүйлөмдү улантып чакан дил баян жаза алат. | 4.5.5.30. Сунушталган пландын негизинде чакан дил баян жаза алат. |

***Эскертүүлөр*:**

1. Окуу материалдарынын окуу китептериндеги окуу колдонмолорундагы орду ушул предметтик стандарта берилгендей тартипте, ырааттуулукта болушу сөзсүз эмес. Окуу процессинин жүрүшүн, жеңилден оорго, тааныштан тааныш эмеске принциптерин эске алуу менен, окуу материалдарынын ордун жылдырууга, ордун алмаштырууга уруксат берилет.
2. Бул таблицада берилген мазмундук багыттардын ортосундагы чекти толугу менен так аныктоо кыйынчылыкты жаратат. Алар бири-бири менен тыгыз карым-катышта жана айрым күтүлүүчү натыйжаларды класстар боюнча ырааттуу жайгаштырууда мазмундук багыттар бири-бирине өтүп кетиши мүмкүн.

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

1-2-класстарда натыйжаларга жетишүү ийгилигине баа берүү белги койбостон, баа берүүнүн сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын пайдалануу менен жүргүзүлөт. Акырындык менен белги коюуну киргизүү экинчи класстын экинчи жарымынан башталат. 3-4-класстарда баа берүү үчүн белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары кеңири колдонулат.

Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргыз тили жана окуу боюнча билимин баалоодо төмөнкү принциптер жетекчиликке алынат:

А) объективдүүлүк; Б) негиздүүлүк; В) системалуулук; Г) бирдиктүү талап; Д) ар тараптуулук; Е) жекелик.

***А) Объективдүү*** баа субьективдүү жана жаңылыш ойду жокко чыгарат. Обьективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Алардын ичинен эң маанилүүсү окуунун максатынын диагноздуулугу, баанын мазмуну менен объектти тандоонун негизделиши, талдоо, жыйынтыктарды баалоо методдору менен камсыздалышы. Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе баанын чындыгынын объективдүүлүгү баалоону аткаруучу мугалимдерден, баа каражаттарынан жана методдордон көз карандысыздыгы.

***Б) Негиздүүлүк.*** Балага коюлган баа сөзсүз аргументи менен болушу керек. Ошол эле учурда, аргумент мазмундуу мүнөздөлүп жана мазмун формасы менен окуучунун аткарган ишине, баалоонун критерийлеринин талабына жооп берүүсү керек. Бааны негиздөөдө мугалим окуу материалынын көлөмүнө, деңгээлине жана берилген тапшырманын аткарылган сапатына көңүл буруусу керек.

***В) Системалуулук принциби*** билим берүү процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баалоо ишмердүүлүгү аткарылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Көзөмөлдөө менен баалоону системаны туруктуу текшерген жыштыкта өткөрүү керек. Баалоонун системалуулук принциби комплекстүү ыкма аркылуу аткарылып, ар кандай формалар, методдор жана баа каражаттары тыгыз байланышта бирдиктүү максатта башкарылат.

***Г) Бирдиктүү талап.*** Көпчүлүк учурларда кээ бир окуучуларга жеңил суроолор берилсе, кээ бирөөлөргө узак жоопту талап кылган тапшырмалар берилет. Ал эми окуучулардын билими бирдей балл менен бааланат. Бардык окуучуларга бирдей талап коюлушу керек. Баалоодо бирдиктүү программалык талаптар коюлушу керек, билимди баалоодо бирдей критерий болууга тийиш. Окуучулар кандай билимди кандай көлөмдө өздөштүрүшү керек экендигин билүүсү керек.

***Д) Ар тараптуулук принциби.*** Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин аныктоону, жана ошондой эле билгичтик менен көндүмдөрдү калыптандыруунун даражасын аныктоону шарттайт, алар ар тараптуулук принцибинин мазмунун түзүшөт. Мугалим ар тараптуу өнүгүү принцибин жетекчиликке алуу менен төмөндөгүлөрдү эске алуусу керек: өздөштүрүлгөн материал боюнча билимдин көлөмүн; өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, билимди текшерүү, стандарттык эмес шартта билимди колдонуу; билимдин сапаты.

***Е) Жекелик принциби.*** Баа жекелик мүнөздү да алып жүрөт. Оозеки же фронталдык суроо-жоопто, дил баян жазганда же жат жазуу жазганда, тесттик жумуштарды аткарууда дайыма өзгөчөлөнгөн билими билинип турат. Ошондуктан, баалоо процесси ар бир окуучунун билиминин деңгээлин билгенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Бул принциптин мааниси ар бир окуучунун өзгөчөлүгүн жакындан билүү болуп саналат.

**Окуучулардын билимин баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баалоонун үч түрү, т.а. диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоо колдонулат.

**1. Диагностикалык баалоо.** Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныктап алуусуна, окуучуга тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана анын өркүндүтүүгө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим өзүнүн окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү эле диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат. Мындан улам диагноздоочу маалыматтарды чогултуу кандай шартта ишке ашырылгандыгын: дал келген каражаттар мененби (класстык иштер, тесттер, анкеталар ж.б.) же ансыз элеби (мисалы, жөн гана байкоо методу) талкуулоо анчалык мааниге ээ эмес.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал прогноздолот.

**2. Калыптандыруучу (формативдик) баалоо.** Баалоонун бул түрү – баланын теориялык билими менен практикалык машыгуулары күн сайын үзгүлтүксүз түрдө байкалып, текшерилип турушу, анын калыптануу процессин туюнтат, т.а. баланын билиминин калыптанышынын максаттуу түрдө үзгүлтүксүз байкалып-бааланып турушу. Бул учурда мугалим баланын күндөлүк билимин атайын баа коюп баалабоосу да ыктымал, ал түрдүү критерийлерди эске алуу менен, кийинки баалоого негиз болуп эсептелиниши толук ыктымал.

Баалоонун бул түрү да өз алдына мындайча максат коёт, ал**,** негизинен, мугалим окуучунун аткарган иштериндеги катачылыктарды убагында оңдоп, түзөтүп, эскертип туруусу, кийинки текшерүүгө алдыртадан баланы даярдап отуруусу менен да мүнөздөлөт.

Бул учурда мугалим баланын билим деңгээлин аныктап, көз салып, диагностикалап туруусу ишке ашырылат. Анын өзү баланы жоопкерчиликке үндөө менен, жыйынтыктоочу мезгилге теориялык-практикалык жактан даярдап отурат.

3. **Жыйынтыктоочу (сумативдик) баалоо.** Баалоонун бул түрү – окуучунун окуу ишмердигин баалоону андан ары улантат, т.а. жыйынтыктайт, жыйынтык баа коет. Анда окуу курсундагы кайсы бир теманы, бөлүмдү өздөштүрүү аяктаганда, окуучулардын теориялык билими менен практикалык машыгууларынын, окуу билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн калыптануу абалын аныктоо, ошого жараша баланын билимин баалоо ишке ашат. Ал баланын билими менен машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, баяндама, дил баян, эссе жаздыруу, айрым долбоорлорду түздүрүү аркылуу баалоо менен коштолот. Алардагы ар бир коюлган белгилер (т.а. баалар) чейрек аягында чыгарылуучу жыйынтык баалоодо эске алынат же ага негиз болот. Буга чейрек аягындагы баа гана эмес, жыл аягындагы экзамендик баалар да кирет.

## 4-БӨЛҮМ

## БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

### 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Башталгыч класстарда кыргыз тил жана окуу предметин окутуу окуу предметтери (окуу курстары) боюнча түзүлүүчү окуу-усулдук комплекстерге негизделет. Окуу-усулдук комплекстерге окуу китеп, усулдук колдонмо, жазуу дептери, иш дептери, дидактикалык материалдар, көрсөтмө куралдар, кошумча окуу материалдары кирет. Булардан сырткары, тексттер, музыка, сүрөттөр, окуу фильмдери ж.б. жазылган дисктер жана электрондук окуу каражаттары болушу мүмкүн.

Алардын катарына көрүүгө, угууга, жазууга ылайыкталган материалдар, мисалы, иллюстрациялар, таблицалар, портреттер, пейзаж, предметтик жана кырдаалдык сүрөттөр, түрдүү макеттер, слайддар, обондуу ырлар, тексттер жазылган дисктер, чиймелер, карточкалар, тесттик тапшырмалар, көркөм чыгармалардан алынган тексттер, чыгармачылык иштер ж.б.у.с. кирет.

***Эскертүү*:** Сунушталган окуу китептеринин тизмеси жыл сайын жалпыга маалымдоо каражаттарына (“Кутбилим” гезити, КР Билим берүү жана илим министрлигинин расмий электрондук сайты ж.б.) жарыяланат.

### 4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Жогоруда сөз болгон ресурстук камсыздоолор шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө түзүү менен, мындай чөйрөнүн жаралышына класстын ичинин абалы, андагы парталардын, буюмдардын, окуу куралдарынын, окуу материалдарынын жайгашышы, балдардын топтордо, ресурстук борборлордо иштөө мүмкүнчүлүгү да өз салымын кошмокчу.

Жер-жерлердеги шартты, класстагы балдардын санын эске алуу менен, окутуу борборлорунда, чакан топтордо иштөөгө ыңгайлуу шарт түзүүгө артыкчылык берилет. Ошондой эле окуу материалдары балдардын боюна ылайык жайгашышы зарыл. Алардын боюнан бийик же колу жетпеген жерге материалдарды жайгаштыруу окуу процессине терс таасир этери дайыма эсте болушу кажет.

## АДАБИЯТТАР:


1. Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимова К., 2-класстарда адабий окууну окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, -Б., 2013
2. Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимова К., 3-класстарда адабий окууну окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, -Б., 2014
3. Башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2016-жылдын 21-апрелиндеги коллегиясынын чечими менен бекиген.
4. Токтомаметов А., Абдухамидова Б., Баимбетова Н., Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар. –Б., 2014.
5. Башталгыч класстардын программалары (кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, Мекен таануу), -Б., 2016.
6. «Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо». Методикалык колдонмо. -Бишкек, 2010.
7. Акунова А., Чокошева Б., Шаелдаева С. Кыргыз тили. 2-3-4-класс. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмолор. – Бишкек, 2012, 2013, 2015.
8. Б.Кубаталиева, А.Абыканова, М.Асаналиева. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. - Б., 2011.
9. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттары. – Бишкек, 2006.
10. Рысбаев С. 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун. сөзүн өстүрүүнүн жана рухий тарбия берүүнүн маселелери.-Бишкек: Педагогика, 2000.
11. Рысбаев С., Абдухамидова Б., Ибраимова К., 4-класстарда адабий окууну окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, -Б., 2015
12. Токтомаметов А. Кыргыз башталгыч класстары үчүн Адабий окуу китептеринин дидактикалык негиздери / педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу диссертациясы. –Б., 1995.
13. Шаелдаева С. 4-класста кыргыз тилин окутуу. -Бишкек, 2008.